Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги

"Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий билим берүү өндүрүштүк комплекси

| | |
|---|---|
| Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган<br>Протокол № 5<br>"31" 01 2025-ж. | БЕКИТЕМ<br>Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору, т.и.д., профессор<br>К.Ж.Усенов ________________<br>"____"________________2025-ж. |

# Университеттин окуу-усулдук кеңешинин Жобосу

Жалал-Абад -2025

# 1.Жалпы жобо

1.1.Окуу-усулдук кеңеш өз ишмердүүлүгүндө КРнын «Билим берүү» мыйзамынын жана жогорку билим берүү мекемелердин (ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу нормативдик укуктук актылардын, КРдин билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик документтеринин, университеттин Уставынын, Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин жана ректордун көрсөтмөсүнүнүн негизинде иш алып барат.

Университеттин окуу-усулдук кеңеши (ОУК) окуу иштери боюнча проректордун алдында туруктуу иштеген жамааттык орган болуп эсептелет. ОУК университеттеги усулдук иштердин негизги багыттарын иштеп чыгат, окуу процессине, усулдук иштерге тиешеси бар институттун, колледждин, факультетттин, кафедранын ж.б. структуралык бөлүмдөрдүн ишин жетектейт. Адистерди даярдоонун деңгээлин жогорулатуу максатында окуу процессин илимий-усулдук жактан камсыз кылуунун келечек багыттарын иштеп чыгат.

1.2.Окуу усулдук кеңештин мүчөлөрү ЖАМУнун ректорунун буйругу менен ар бир окуу жылына бекитилет.

1.3.Институттардын, колледждердин өз өзүнчө окуу усулдук кеңеши түзүлүп, окуу методикалык иштерди жетектейт. Алардын жылдык иш планын ЖАМУнун академиялык саясат департаменти бекитет.Ал эми университеттин окуу усулдук кеңешинин жылдык планын окуу иштери боюнча проректор бекитет.

## 2.Окуу-усулдук кеңештин ишмердүүлүгү

ОУКтун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары;

- Стратегиялык пландоо жана университеттеги билим берүүнүн сапаттуулугун камсыз кылуу максатында окуу-усулдук иштерди жүргүзүү.
- Университеттеги окуу-усулдук иштердин сапатына мониторинг, анализ жүргүзүү жана баа берүү.
- КРдин билим берүү жана илим министрлиги жана ОУК тарабынан сунушталган нормативдик усулдук документтер, окуу-усулдук адабияттар менен факультеттерди жана кафедраларды камсыз кылуу.
- Университеттин окуу-усулдук ишмердүүлүгүн илимий жактан камсыздоо.
- Профессор-окутуучулар тарабынан даярдалган окуу-усулдук эмгектерди, окуу каражаттарьн карап чыгуу жана басмага сунуштоо.
- КРдин билим берүү жана илим министрлиги, ОУБдун көрсөтмөсү боюнча университетти лицензиялоого, аттестациялоого, аккредитациядан өткөрүүгө даярдоо иш-чараларын уюштуруу жана өткөрүү. Жогорку жана кошумча билим берүү маселелери боюнча конференция, семинар, мастер-класс, кеңешмелерди өткөрүү.
- ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешине тиешелүү маселелерди даярдоо
- ЖАМУнун ППСтин ортосунда методикалык жактан түрдүү конкурстарды өткөрүү
- Окутуучулардын окуу материалдарына мониторинг жүргүзүү
- Тиешелүү графикке ылайык, алдыңкы тажрыйбаны, табылгаларды жайылтуу максатында сабактарга катышуу

## 3.Окуу-усулук кеңештин ишмердүүлүгүн уюштуруу

- ОУКтун ишин төрага (төрайым), ал жок учурда орун басары жетектейт. Төрага ректораттын кеңешмесинде окуу-усулдук маселелер боюнча маалымат берет. ОУКтун учурдагы ишмердүүлүгүн ЖАМУнун академиялык саясат департаменти жүргүзөт.
- ОУК университеттеги билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча стратегиялык максаттын негизинде түзүлгөн жылдык план боюнча иш жүргүзөт. ОУКтун жумушчу тобун (төрага, төраганын орун басары, институттардын, факультеттердин ОУКтун жетекчилери, ОУКтагы усулдук комиссиянын жетекчилери} түзөт.
- ОУКтун төрагасы жыл ичинде аткарылган иштер боюнча университеттин Окумуштуулар кеңешинде отчет берет.

- Коюлган милдеттерди чечүү, кеңешмелерди уюштуруу, тажрыйба жүргүзүү үчүн убактылуу жумушчу топ жана туруктуу иштөөчү комиссия түзүлөт. Комиссиянын жана жумушчу топтун иши комиссиянын жетекчилери тарабынан түзүлгөн ОУКтун кеңешмесинде бекитилген план боюнча жүргүзүлөт. Комиссиянын жетекчилери окуу жылынын аягында аткарылган иштер боюнча ОУКтун төрагасына отчет, окуу процессин жакшыртуу жана келерки окуу жылына түзүлгөн иш план боюнча сунуштарын берет.
- ОУКтун кеңешмеси иш планга ылайык бир семестрде эки жолудан кем эмес өткөрүлөт. Кийинки кеңешменин күн тартиби жана анда каралуучу материалдар ОУКтун мүчөлөрүнө алдын ала берилет. ОУКтун кеңешмеси университеттин кызматкерлеринин катышуусу менен өткөрүлөт.
- Чечимдер ОУКтун мүчөлөрүнүн ачык добуш берүүсү менен кабыл алынат. Ал чечим катышкан мүчөлөрдүн 50%дан кем эмес добушка ээ болгондо кабыл алынды деп эсептелет.
- ОУКтун кеңешмесинин чечими усулдук жана маалыматтык кат, чечим, көрсөтмө Окумуштуулар кеңешинин чечиминин долбоору жана ректордун буйругунун долбоору түрүндө даярдалат.
- ОУКта ППСтин методикалык багыттагы эмгектеринен окуу китеби, окуу куралы,окуу усулдук көрсөтмөлөрү, лекциялык курстардын жыйнагы, предметтин практикалык курсу, жумушчу дептерлер, типтүү программалар ж.б.эмгектер (окуу усулдук комплекстен башка) басмага сунушталуу максатында каралат.

**Түзгөндөр:** Алибаев А.П.
Уметов Т.Э.
Турдубаева Б.М.